# Мен электромобиль айдайм




Автор: Айжылдыз Тойчиева

Сүрөтчү: Бакай Сыдыков

# Мен электромобиль айдайм

Автор: Айжылдыз Тойчиева
Сүрөтчү: Бакай Сыдыков

Кыргыз тилинде
Бишкек 2023

Copyright © 2023, Бул чыгарма Creative Commons Attribution 4.0 Эл аралык лицензиясы (https://creativecommons.org/licenses/by/4.0/) боюнча лицензияланган”

http://creativecommons.org/licenses/by/4.0/
Бул ишти коммерциялык максаттарда колдоно аласыз. Бул чыгарманы адаптациялап, толуктай аласыз. Авторлордун, иллюстраторлордун ж.б. автордук укугун жана өздүк маалыматтарын сакташыңыз керек.

"Мен электромобиль айдайм" (кыргыз тилинде), автор Айжылдыз Тойчиева, сүрөтчү Бакай Сыдыков

Бул басылма АКШнын эл аралык өнүктүрүү боюнча агенттиги (USAID) аркылуу көрсөтүлгөн Америка элинин колдоосу менен түзүлдү. Басылманын мазмуну USAIDдин же АКШ Өкмөтүнүн пикирин милдеттүү түрдө чагылдырбайт.

Created with Bloom




– Атам ток менен жүрүүчү унаа сатып алды, – деди Мейкин мектепке чогуу бараткан досторуна.


– Троллейбуспу? – деп Мика тамашалай сүйлөдү.

– Жок, кадимки эле электромобиль, – деп Мейкин күлүп калды.

– Троллейбус сыяктанып үстүндө эки зымы жок бекен? – деди Эрлан тамашага кошулуп.

– Элестет, бардык унаалар чубалган зымдары менен чаташып калганын, – деп элестетип балдар күлүп калышты.

– Электромобиль баарынан мыкты. Болгону ток менен кубат алат, – деди Мейкин.


ГАЗ
76.0


ТЕХНИКАЛЫК УНИВЕРСИТЕТИ

– Анын эмнеси мыкты? Энергия түгөнүп калса, орто жолдо каласың да. Ал эми бензин бардык жерде сатылат. Каалаган жерден куюп аласың, – деди Эрлан наараазы боло.

– Бензинден да, токтон да арзаны – газ. Менин атамдын машинеси газ менен жүрөт. Бул үнөмдүү, экологияга да зыяндуу эмес, – деди Алия.

Балдардын талашы дагы канчага чейин созулат эле, ким билсин. Сөздү Мика бөлдү.

– Балдар, бир сунуш бар. Технология университетине баралы. Атам ошол жерде иштейт. Балким, суроого жоопту ошол жерден таап калабыз, – деди Мика.



Эртеси балдар Миканын үйүнө келишти. Ал атасы менен машинаны жууп жатыптыр.

– Байке, сиздин унааңыз эмне менен жүрөт? – деп сурады Эрлан.

– Күйүүчү май менен да, ток менен да жүрөт. Мындай унааларды гибрид деп аташат. Унаа токко сайылбайт. Бензин менен жүрүп баратканда өзүн өзү кубаттандырып алат. Экологияга зыяны тийбейт. Үнөмдүүлүк жагынан да көрсөткүчү жакшы, – деди Миканын атасы.

– Мына кызык, Мурат байке, машинаңыз сонун турбайбы! Гибрид дегенди биринчи жолу угушум, – деди Эрлан машинаны тегеренип карап.

Машинаны жууп бүткөндөн кийин, баары окуу жайга жөнөштү.



– Автоунаа факультети абдан чоң экен. Дубалдагы текчелерде ар кандай үлгүдөгү унаалардын макеттери тизилип турат. Жүргүлө, алгач биздин окутуучулар менен студенттер кураштырган электромобилди көрсөтөйүн, – деди Мурат байке.

Чоң, жарык, жылтыраган бөлмөдө укмуштуудай унаа туруптур. Балдар ар тарабына өтүп карай баштаптшты.

– Электр тогу менен жүрүүчү транспортту адамдар илгери эле ойлоп табышкан. Мисалы, трамвай, троллейбус, электропоезд. Булар электр тогуна түзмө-түз туташкан абалда жүрөт. Ал эми электромобиль аккумуляторго ээ, аны токко сайып кубаттандыруу зарыл. Алган кубаты менен белгилүү аралыкка бара алат.

Мурат байке унаанын капотун ачып, аккумулятор жайгашкан жерин көрсөттү.



100%

– Менин смартфонум бир саатта толук кубат алат, а электромобилчи? – деп сурады Мика.

– Үй шартында 8-10 саат, атайын кубаттандыруучу жайларда 3-4 саат, тез кубаттандыруучу жайда 30 мүнөт ичинде заряддалат.

– Шашып жатсаң, айлаң кетет го...

– Туура, бул – унаанын ыңгайсыз тарабы. Алыска, тоолуу аймактарга бара турган болсоң, жолдо кубаттай турган атайын жайлар жок болсо, унааң токтоп калат, – деп түшүндүрдү Мурат байке.


CO2
CO2
CO2




Бул сөздү уккан Мейкиндин маанайы чөгө түштү. Ал электромобиль баарынан мыкты деп ойлоп жүргөн.

– Бирок, экологияга зыяны жок, – деп Мурат байке сөзүн улады. – Өзүнөн эч кандай түтүн бөлүп чыгарбайт. Мисалы, күйүүчү май, газ менен жүргөн унаалар абага белгилүү өлчөмдөгү көмүр кычкыл газын бөлүп чыгарат.


– Күйүүчү майды бат эле куюп чыгууга болот, көпкө күтүүнүн кажети жок, – деди Мика.

– Эң туура, газды да бат эле толтурууга болот, убакыт үнөмдөлөт, – деп жооп берди Мурат байке.





100км=15л

1л=60с




1л=30с



100км=25с

– Унаалардын артыкчылыгы ушул элеби? – деди Эрлан.

– Муну менен чектелбейт. Эми негизги нерсени эсиңерге түйүп алгыла, айдоочу акчасын үнөмдөөгө көңүл бурат. Силердин оюңарча эң үнөмдүү унаа кайсы?

– Электромобиль болуу керек, токко эле сайып коесуң, – деди Мейкин.

– Туура. Мисалы, электромобилге 100 километр жүрүү үчүн, болжол менен 25 сомдун тегерегинде акча керектелет.

– Кантип? Ушунча элеби? – деп балдар таң кала сурашты.

– Демек, электромобиль башка унааларга караганда бир кыйла үнөмдүү болот турбайбы, – деди Мейкин.

– Ооба, мисалы, күйүүчү май менен жүргөн, көлөмү чоң унаанын айдоочусу 100 километр жол жүрүү үчүн 15 литр бензин куят. Учурда бензиндин 1 литри болжол менен 60 сом. Ал эми ушундай эле унаа менен ушул эле аралыкты жүрүү үчүн экинчи айдоочу 16 литр газ куят. Газдын ар бир литри 30 сомдон, – деди Мурат байке.

– Газ менен жүргөн да арзан болот, бирок кооптуу ээ?.. – деди Мика.


CO2

Автоунаа окуу жайына болгон саякатты балдар көпкө чейин талкуулап жүрүштү. Электромобиль менен гибрид унаа темасы эч бүтпөй койду.

"Адамдар үнөмдүүлүктү абдан жакшы көрүшөт. Эгер дүйнөдөгү бардык айдоочу электромобиль айдап калса, электр энергиясынын тартыштыгы жаралбайт бекен..?" деген суроо Мейкинди кыйнап жүрөт.

Бирок ал чоңойгондо сөзсүз электромобиль айдайт...

АМЕРИКАНЫН ЭЛИНЕН

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ
МИНИСТРЛИГИ


Автор: Айжылдыз Тойчиева
Сүрөтчү: Бакай Сыдыков



USAIDдин "Окуу керемет!" долбоору
Кыргыз Республикасы


1-класс
- 1.1 деңгээли
- 1.2 деңгээли
- 1.3 деңгээли

2-класс
- 2.1 деңгээли
- 2.2 деңгээли

3-класс
- 3.1 деңгээли
- 3.2 деңгээли

4-класс
- 4.1 деңгээли
- **4.2 деңгээли**